**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**АЛАМҮДҮН РАЙОНУ**
**ВАСИЛЬЕВКА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

724309 Виноградное айылы
Токтогул көчөсү №13
0312 45-23-56
Чүй филиалы ЭСК ААКсы
Эсеп счету 4403011001000694
УККН 005, БИК 440301
ИНН 03112199610092
ОКПО 04508847
E-mail: toktogula13@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН**
**ВАСИЛЬЕВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

724309 село Виноградное
улица Токтогула №13
0312 45-23-56
Расчетный счет 4403011001000694
Чуйский филиал ОАО РСК Банк
УККН 005, БИК 440301
ИНН 03112199610092
ОКПО 04508847

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ №1

**18.01.2023ж** **Виноград айылы**

## Васильевка айылдык Кеңешинин сессиясынын жыйналышынын

## ТОКТОМУ №1

**«Васильевка айыл аймагынын 2023-жылга жергиликтүү бюджетти жана 2024-2025-жылдарга бюджеттин киреше болугунун болжолун бекитуу».**

1.2023-жылга Кыргыз Республикасынын Каржы Министирлиги тарабынан келген контролдук бюджетти Васильевка айылдык Кенеши тарабынан Бюджеттик Кодекстин 78-беренесине ылайык кирешени 3876,0 миң сомго көбөйтүү менен бекитилсин.

2. 2023-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн бюджети 14897,9 миң сом суммасында (атайын каражаттарды кошкондо) бекитилсин:

- бюджет 12397,9 миң сом;
- атайын каражаттар 2500,0 миң сом.

3. 2023-жылга атайын каражаттарды эсепке алуу менен 14897,9 миң сом суммасында киреше No 1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. 2024-2025-жылдарга бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолу бекитилсин. № 2 тиркемеге ылайык.

5. Бюджеттин чыгаша бөлүгү атайын каражаттарды эске алуу менен 14897,9 миң сом суммасында No 3 тиркемеге ылайык бекитилсин.

6. Айыл өкмөтүнүн 2022-жылга бюджетинин аткарылышы боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча отчет кабыл алынсын.

7. 2023-жылга бюджеттин жүгүртүүдөгү кассалык калдыктары 10,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

8. Айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бюджетинин чыгаша бөлүгүн каржылоо корголгон беренелер боюнча (эмгек акы, соцфондго чегерүү, тамак-аш, коммуналдык кызматтар) көрсөтүлгөн тартипте, ал эми иш жүзүндө алынган кирешелердин чегинде жүргүзүлө тургандыгы белгиленсин.

9.Өндүрүштүк зарылчылыкка байланыштуу айыл өкмөтүнүн башчысына ассигнованиелерди чыгаша статьяларынын ортосунда, ошондой эле чыгашалардын негизги топтору, чакан топтору боюнча жалпы чыгымдардын чегинде кыскартпастан кайра бөлүштүрүү укугу берилсин.

10. 2023-жылга Васильев айыл өкмөтүнүн аппаратынын, айылдык Кеңешинин, турак жай-коммуналдык чарбанын, китепкананын штаттык саны No 4, 5, 6, тиркемеге ылайык бекитилсин.

11. Бала бакчанын тарбиялануучуларынын тамак-ашынын өлчөмү ар бир балага барган күнү 18 сомдон айыл өкмөтүнүн бюджетинен бекитилсин.

12. 01/01/2023 эркин балансты бекитүү. негизги эсеп боюнча 92,7 миң сом, атайын эсеп боюнча 142,7 миң сом жана No 7 тиркемеге ылайык бөлүштүрүлсүн.

13. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Кушчубаевге жүктөлсүн.

**Васильевка айылдык**

**Кеңештин торагасы** **Джураев.А.А.**